Жалал-Абад ШБББнүн
башчысы Ы.Ө.Калчаевге
№22 жалпы негизги билим
берүүчү мектеп-мекемесинен

**Жалал-Абад шаарындагы №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин тарбия иштери боюнча 2021-2022-окуу жыл ичинде аткарылган иштери боюнча маалымат.**

2021-2022-окуу жылында №22 жалы негизги билим берүүчү мектебинде 158 окуучу 9 класс комплектиси менен бекитилген. Жыл башында тарбиялык иш-пландар, айлык пландар мектеп директору тарабынан бекитилген.

2021-2022-окуу жылына карата бардык класс жетекчилердин тарбиялык сааттары,тарбиялык журналдары бекитилди. Пандемияга байланыштуу 2021-2022-окуу жылы 15-сентябрдан башталды. «Билим күнүнө» карата «Мекеним Кыргызстан» жана Билим берүү жана илим министирлиги буйругунун негизинде 1-4-класстарда «Ата Журтум - асыл Мекеним» 5-9-класстарда “Түбөлүккө желбирей бер эгемендик желеги” деген темаларда тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Андан сырткары Ч.Айтматовдун 92-жылдык маарекесине карата тарбиялык сааттар,сүрөт конкурстары уюштурулду. “Жолдо жүрсөң сак бол!”, “Баңги заттардын алдын алуу”, “Мамлекеттик тилдин” 32 жылдыгына карата тарбиялык сааттар, сүрөт конкурстары өткөрүлдү. Мектеп парламенти түзүлүп, иш пландары мектеп директору тарабынан бекитилди. Жалпы ата-энелер чогулуштары өткөрүлдү. 23-сентябрь «Мамлекеттик тил» күнүнө карата тарбиялык сааттар,сүрөт конкурстары, стенддер уюштурулду. Ошону менен бирге 1-9-класстар арасында тил күнүнө карата адабий иш- чаралар уюштурулду.

1-октябрь «Карыялар күнүнө карата» мектеп айланасындагы улгайган адамдарды үйлөрүнө окуучулар менен барып, белектер,тамак-аш каражаттары берилди. Андан сырткары «Карысы бардын - ырысы бар» «Карынын сөзүн капка сал» темаларында тарбиялык сааттар өткөрүлдү. «Окуучунун сыйлыгы мугалимдин сыймыгы», “Үй-бүлө - жашоонун тиреги, мамлекеттин куту” жана “Кылмыштуулуктун алдын алуу” темаларында тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Балдардын конвенциясы жөнүндө конференция уюштурулду. Жугуштуу оорудан сактан 2-9-класстардан диктанттар алынды.Гигиенаны сактоо ГСВ кызматкерлери менен жолугушуу өткөрүлдү. Грипп,кызамык жана коронавирус ооруларынын алдын алуу максатында окуучуларга тарбиялык сааттар өткөрүлүп, диктанттар алынды.

Укук бузуулардын алдын алуу максатында мектеп администрациясынан педагогикалык жамааттын мүчөлөрүнөн, ата-энелерден, жогорку класстардан турган мектептин алдын алуу кеңештери түзүлдү.

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар түзүлүп бекитилди.

-Балдар үчүн «111» ишеним телефону окуучуларга түшүндүрүлүп, илинген. Кыргыз Республикасынын жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасындагы укук бузууларды,кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ведомосттор (КР ички иштер министрлиги,КР саламаттыкты сактоо министрлиги)арасында биргелешкен иш - чаралар түзүлүп бекитилген.

Кылмыштуулуктун алдын алуу максатында окуучулар менен ИДН кызматкерлердин катышуусунда жума сайын чогулуштар өткөрүлүп,

түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Класстарда тарбиялык сааттар класс жетекчилер тарабынан «Кылмыштуулукка барбайбыз» деген темада өткөрүлдү. Стенддер чыгарылды,класстарда бурчтар илинди.

2021-жылдын 14- октябрь "Балдарды үйдө, мектепте, коомдук жайларда зордук-зомбулуктан, кылмыштуулуктан, суициддеn алдын алуу жана коргоо" аталышында 7-8-9-класс окуучулары менен соц.защита, медайымдардын, ИДН дин жана мектеп мугалимдердин катышуусунда чогулуш өткөрүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

2021-2022-окуу жылына карата КРнын Президенти С.Н.Жапаровдун «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы Концепсиясы" боюнча №22 жалпы негизги билим берүүчү мектебинин 2-чейректе төмөндөгүдөй иштер иш-пландардын негизинде аткарылды

1.Ноябрь айында "Менин айылым", "Туулган жерим менен сыймыктанам", "Мен сыймыктанган адам", "Улук болсоң ,кичик бол", "Жөнөкөйлүк - адамдын эң жогорку сапаты" деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү.

2. 1-декабрь- Эл аралык СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата "Биз дени сак өлкөдө жашайбыз" аттуу 8-класстардын арасында КВН өткөрүлдү.Ошондой эле 7-8-9-класстарга Жалал-Абад областтык СПИД борборунан келген адистер тарабынан лекциялар өтүлдү.

3. 3-декабрь - Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген инсандарды колдоо күнүнө карата мугалимдердин жана окуучулардын арасында "Мээримдүү бол" акциясы уюштурулуп,акциядан жыйналган каражатка ДМЧокуучуларга акчалай кийим-кече , азык-түлүк ( жалпы сумма 2000 сомдон ашык) жардам көрсөтүлдү

4. 10 декабрь- Адам укуктарын коргоо күнүнө карата "Адам сатуунун алдын алабыз" 5-9-класстарга тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

5. 12- декабрь Кыргыздын чыгаан уулу - Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата "Адамдык сапат баарынан бийик турат" деген темада тарбиялык саат ошондой эле кыргыз тили жана адабияты мугалими Коккозова Гүлбурак тарабынан адабий музыкалык кече өткөрүлдү.

**6. Жаштардын жана балдардын арасында укук бузуулардын жана кылмыштардын алдын алуу боюнча**:

Тартиби оор окуучулар менен иштөө иш планы түзүлүп,жадыбал иштелип чыккан.Ар түрдүү кылмыштардын алдын алуу максатында окуучулар жана алардын

мектепте администрация жана класс жетекчилер тарабынан көзөмөлдөнөт.2021-2022-окуу жылында мектептин ИДН дин учётунда каттоодо турган окуучулар жок.
7. Мектепте эң жакшы окуган 5 окуучуну Жалал-Абад шаардык мэриясынын, ал эми 1 окуучу губернатордук жылдык "Балаты" майрамына жөнөтүлдү
28-декабрь 1-2-3-4-5-6-класстар үчүн жаңы жылдык "Балаты" майрамы мектепте шарт жоктугуна байланыштуу балдар чыгармачылык борборунда өткөрүлдү. 7-8-9-класстар үчүн мектепте "Карнавал" кечелери өткөрүлдү

"Спорттук лига" 2021-2022-окуу жылына карата "Кыргыз Республикасынын Мектеп лигасы" долбоорун ишке ашыруу жөнүндө К.Рнын министрлер кабинетинин 2021-жылдын 05.07 №78-р тескемеси менен бекитилген буйругуна ылайык 2021-2022-окуу жылына карата иш-чаралардын планы түзүлдү. Иш пландын негизинде мектепте дене тарбия мугалими тарабынан спорттук мелдештер уюштурулуп турду. Январь айында "Улуттар биримдиги" деген темада 5-6-7-8-9-класстарында тарбиялык сааттар өткөрүлдү. Жол транспорт кырсыктарынын алдын алуу максатында окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып , тарбиялык сааттар класс жетекчилер тарабынан өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын "Манас" эпосу жөнүндөгү 2011-жылдын 28-июнундагы №59 Мыйзамынын негизинде эпосту жайылтуу өркүндөтүүнү натыйжалуу камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил саясаты боюнча улуттук комиссия "Саякбай манасчы" телетаймашы 2022-жылдын 12-февралында шаардык мектептердин окуучуларынын арасында Б.Осмонов атындагы №5 мектебинде өткөрүлүп,таймашка 7-8-класстын окуучулары Абдулгазиева Ойша, Диканова Райхона, Юлвасов Абдулазиз катышып келишти, даярдаган кыргыз тили жана адбият мугалими Коккозова Гулбурак. Эпистолярдык дил баяндар сынагы жарыяланып, "Климаттын өзгөрүшүнө эмне үчүн жана кандай реакция кылуу керектиги жөнүндө таасирдүү адамга кат жазыңыз" темасында 9-класстын окуучулары жазышты. Кыргыз тили жана адабияты мугалими Коккозова Гулбурак даярдады.

Жалал-Абад шаардык мэриясынын Ата-Мекенди коргоо күнүнө карата 4.02.2022 жылынын №2 буйругу,Жалал-Абад шаардык мэриясынын 2022-жылдын февраль айындагы буйругу,шаардык билим берүү бөлүмүнүн 2022-жылдын 11-февралындагы №34 буйругунун негизинде Ооган Республикасынан Советтик аскерлерди алып чыгуунун 33-жылдыгына карата "Ооган согушу тагдыры"деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлдү.15-февраль Советтик армиянын Афганстан жергесинен чыгарылган күнүнө карата, 23-февраль Ата Мекенди коргоо күнүнө карата ардагерлер чакырылып 5-6-7-8-9-класстын окуучуларынын катышуусунда музыкалык кече өткөрүлүп, белектер тапшырылды.

Жалал-Абад шаардык мэриясынын 2022-жылдын №01-2562 чыгыш сандуу катына ылайык, шаардык билим берүү бөлүмүнүн 31.01.2022-жылдын №19 буйругунун негизинде 21-февраль- Эл аралык эне тил күнүнө карата 2022-жылдын 22-февралында "Ар улуттан болсок да, биримдикте күчүбүз" деген темада 1-9-класс

окуучуларынын катышуусунда адабий музыкалык кече өткөрүлүп, ар бир улуттун тамак- аштары көргөзмөсү уюштурулду. Ошондой эле “Элдин өмүрү эне тилинде” темасында тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

2022-жыл 3-март Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун кабыл алынгандыгынын 30 жылдык маарекесине даярдык көрүү жана уюшкандыкта өткөрүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин төрагасынын орун басары Э.Ж.Байсаловдун 2022-жылдын 11-февралындагы №18-497 жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Ы.Т.Ызабековдун 2022-жылдын 3-мартындагы №01-16/67 сандуу буйругун аткаруу максатында иш план түзүлүп анын негизинде төмөндөгү иштер аткарылды: Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусунун кабыл алынгандыгын 30 жылдык маарекесине карата 2022-жылдын 3-мартында салтанаттуу линейка өткөрүлдү. “Кыргыз Республикасынын символикаларын жатка бил!” “Желбирей бер эркиндиктин желеги!” деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү.Туу күнүнө карата өткөрүлгөн шаардык иш-чарага мугалимдер катышып келишти. 5-март - “Ак Калпак” күнүнө карата “ Асманда жарык көрсөң,жылдыз деп бил,ак калпак кийгенде ,кыргыз деп бил” деген темада тарбиялык сааттар өткөрүлүп, 5-8-класстар арасында сүрөт сынактары өткөрүлдү. 12-март күнү шаардык мектептер арасында өткөрүлгөн “Жоокер ыры” кароо сынагына, мектептин 8-класстын окуучусу Абдулгазиева Ойша катышып келди.Калкты кургак учуктан сактоо жөнүндөгү жана Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шаар аймагында кургак учук оорусуна каршы күрөшүү жана алдын алуу боюнча бир айлык акция жарыяланып, кургак учуктун алдын алуу боюнча тарбиялык сааттар,жат жазуу иштери жаздырылды.

Социалдык адилеттүүлүктүн бир айлык өнөктүгүн өткөрүү жана аткаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөктүнүн 2010-жылдын 19-февралындагы №110 “Социалдык адилетүүлүүктүн дүйнөлүк күнүн өткөрүү жөнүндөгү” токтомунун негизинде 2022-жылдын 20-февралынан 20-мартына чейин Социалдык адилеттүүлүктүн бир айлык акциясы жүргүзүлүп Курорт аймагынын тургуну Тургунова Роза жана Марипов Сабырга 800 сомдук материалдык жардам көрсөтүлдү. Нооруз майрамына карата 2022-жылдын 17-март күнү мектепте мектеп окуучуларынын катышуусунда шаардык деңгээлде иш-чара өткөрүлдү. Иш-чарага шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Маданова Айнура Мамытовна жана шаардык метод кабинетинин адиси Апышова Райкан, ошондой эле мектептердин директорлору, окуу бөлүмүнүн башчылары,тарбия завучтары,соц.педагогдору катышып кетишти.

Укук бузуулардын алдын алуу максатында иш-чаралар жүрүп жатат. Мектепте 2021-2022 окуу жылында зордук зломбулукка ар түрдүү кылмыштарга кабылган окуучулар жок. Мектептин жана ИДНдин учётунда каттоого алынган окуучулар жок.
**КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-мартында улуттук баш кийим Ак калпактын урматына Жалал-Абад шаардык билим берүү**

бекитилди. Ар бир класстарда тарбиялык сааттар өткөрүлүп, сүрөт сынактары уюштурулду. 22-апрель - Жер күнүнө карата,23-апрель - Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата, 1-май - Эмгекчилер күнүнө карата, 5-май - Кыргыз Республикасынын конституциясынын кабыл алынган күнүнө карата,9-май - Жеңиш майрамдарына карата онлайн түрүндө класстардын жаш өзгөчөлүгүнө карата тарбиялык сааттар өткөрүлдү.

1-июнь - "Эл аралык балдарды коргоо" күнүнө карата мектеп окуучуларына балмуздак таратылды, ошондой эле таланттуу окуучулардын катышуусунда жерге сүрөттөр түстүү бор менен тартылды. Мүмкүнчүлүгү чектелген жалпы 5 окуучу анын ичинен 3 окуучу үйдө окутулат.8-класстын окуучусу Абдурахманова Муштарийбонуга жана 4-класстын окуучусу Гайназаров Мушоррошидге акчалай жана жумшак оюнчук,шириндиктер белек кылып берилди.Сүрөт мугалими тарабынан онлайн форматында "Мекеним Кыргызстан", "Бактылуу балалык" деген темаларда сүрөт сынактары уюштурулду.

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча окуу жыл арасындагы жашы жете элек өспүрүмдардүн ИДН жана мектеп ичинде көзөмөлдө турган окуучулар сандуу көрсөткүчтөрү (мониторинг)

| Окуу жылдары | ИДН де каттоодо турган балдардын саны | Мектептин ички көзөмөлүндө турган балдардын саны | Зордук-зомбулукка кабылган балдардын саны | Бангизат наркотикалык (тамеки,кольян,насвай, клей,спирттик)заттарга көз каранды болгон балдардын саны |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020 | - | - | - | - |
| 2020-2021 | - | - | - | - |
| 2021-2022 | - | - | - | - |

Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча окуу жылы арасындагы жашы жете элек өспүрүмдардүн тартипсиздик жасап одоно кемчиликтерди жасагандыгы, бири-бири менен пикир келишпестигинин натыйжасында жасаган жоруктары үчүн атайын 66-беренеге ылайык ЖЖӨИнин көзөмөлүнө алынган окуучулар боюнча:

| Окуу жылдары | Кылмышка катышы бар балдардын тизмеси | Туулган жылы,айы, окуган классы | Кылмыштын түрү,анын мөөнөтү<br>66-берене ,6-ай жоруктар боюнча | Жасалган кылмыш иши боюнча көрүлгөн чаралар (КДД,ИДН учёт, айып пулдар) |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020 | - | - | - | - |
| 2020-2021 | - | - | - | - |
| 2021-2022 | - | - | - | - |

Жаш өспүрүмдар катышкан жол кырсыктарын алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иштердин көрсөткүчтөрү

| Окуу жылдары | Жол кырсыкка кабылган балдардын тизмеси | Туулган жылы,айы, окуган классы | Жол кырсыктын мөөнөтү | Жол кырсыктын түрү ДТП анын фактысы |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020 | - | - | - | - |
| 2020-2021 | - | - | - | - |
| 2021-2022 | - | - | - | - |

Жол кырсыгынын алдын алуу

Мектепте жол-транспорт эрежелерин сактоо максатында жол боюнда керектүү белгилер коюлган.(ылдамдыкты басамдатуучу).Жол кырсыктарын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери ар дайым өткөрүлүп турду.

Балдарга карата ырайымсыз мамилени жана зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо жөнүндөгү иштердин абалы.

| Окуу жылдары | Зомбулукка кабылган балдардын тизмеси | Туулган жылы,айы, окуган классы | Зомбулук болгон учурдун мөөнөтү | Зордук зомбулук фактысынын натыйжасы |
|---|---|---|---|---|
| 2019-2020 | - | - | - | - |
| 2020-2021 | - | - | - | - |
| 2021-2022 | - | - | - | - |

Жылдын жыйындыгы боюнча 151 окуучу менен окуу жылы аякталды.

Мектеп директору: _____________ Сыдыков.А.Ж

Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары: _____________ Абдулгазиева.О.С